**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улутстаткомунун 2020-ж.**
**24-июлундагы №6 токтому**
**менен бекитилди**

# Финансылык көрсөткүчтөр боюнча расмий статистикалык отчеттуулуктун формаларын толтуруунун тартиби жөнүндө

## Н У С К А М А

### Жалпы көрсөтмөлөр

1. Финансы статистикасы боюнча расмий статистикалык отчеттуулуктун формаларын ишканалар, бирикмелер жана уюмдар Кыргыз Республикасынын Улутстаткомунун 2020-жылдын 24-июлдагы №6 токтому менен бекитилген формалар боюнча толтурушат.

2. Статистикалык отчеттуулуктун формаларында карала турган бардык көрсөткүчтөр берилет. Көрсөткүчтүн жоктугунан тигил же бул беренелер (саптар, графалар) толтурулбай калса, анда бул беренеге (сапка, графага) сызык коюлат.

3. Форманын башкы бөлүгү төмөнкү тартипте толтурулат:

Отчет тапшыруучу бирдик уюмдаштыруу документтеринде кабыл алынган толук аталышын «Ишкананын, бирикменин аталышы» реквизитинде көрсөтөт. Толук аталышынын аягында кашаанын ичинде кыскартылган аталышы (аббревиатура) жазылат.

Мисалы: Кыргыз өндүрүштүк алтын казуу бирикмеси («Кыргызалтын» ӨБ).

Акционердик, ижаралык, жамааттык жана менчиктин башка формаларындагы ишканалардын аталышы өзүнө төмөнкүдөй маалыматтарды камтышы керек – «акционердик коом», «ижаралык ишкана», «жамааттык ишкана» ж.б.

Мисалы: «№6 ондоо-ишке киргизүү курулуш башкармалыгы» ижаралык ишканасы (№6 ОАККБ).

«Дарек» реквизитинде бирикме, ишкана жана уюм өзүнүн юридикалык дарегин почта индекси менен көрсөтөт.

«Экономикалык ишмердиктин иш жүзүндөгү түрү» реквизитинде Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторуна (ЭИТМК) ылайык ишкананын өндүрүштүк тармагы көрсөтүлөт. Ишкана, уюм статистика органдарында катталган учурда ага ЭИТМК коду ыйгарылат. ЕГРСЕдеги жана статистикалык отчеттуулуктагы экономиканын тармагынын кодунун тууралыгын жана салыштырмалуулугун камсыз кылуу максатында ишканаларга ЭИТМК кодун ыйгаруу маселелери статистиканын региондук кызматтарынын маалыматтык камсыздоо бөлүмдөрү менен макулдашылышы керек.

***Эгерде ишкананын (уюмдун) дареги, менчик формасы, уюштуруучулук-укуктук формасы, экономикалык ишмердигинин түрү же башка реквизиттер өзгөрсө, анда өзгөртүүдөн кийинки иш жүзүндөгү маалыматтар толтурулушу керек.***

4. «**Эсепти жүргүзүү ыкмасы**» реквизитинде ишканада колдонулуп жаткан эсепти жүргүзүү ыкмасына дал келген кодду тегеректөө зарыл.

**ФОЭС** коду **– 1** кодун ФОЭС фондунун комитети менен кабыл алынган (Лондон ш.) эл аралык финансылык отчеттун стандарттары менен коомдук кызыкчылыгы бар, бухгалтердик учетун алып барган жана финансылык отчетту түзгөн ишканалар тегеректейт.

Коомдук кызыкчылыгы бар субъектилер – бул листинг фондулук биржаларга кошулган баалуу кагаздары ишкана –эмитенттер.

**Кассалык ыкма** коду **– 3** накталай акча каражаттарды эсепке алуунун негизинде бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү менен иш алып барган ишканалар тегеректейт.

**ФОЭС ЧОИ** коду **– 4** кодун ФОЭС фондунун комитети менен кабыл алынган (Лондон ш.) эл аралык финансылык отчеттун стандарттары менен чакан жана орто бизнес ишмердигине финансылык отчетторун түзгөн субъектилер жана бухгалтердик учетун алып барган ишканалар тегеректейт

**Жөнөкөйлөтүлгөн эрежелер** коду **- 5** кодун бухгалтердик учетун жана финансылык отчеттун жөнөкөйлөтүлгөн эрежелер менен алып барган ишканалар (субъектилер) чакан ишканалар, тегеректейт

5. Өлчөө бирдиги – үтүрдөн кийин бир ондук белгиси менен миң сом.

6. Финансы статистикасы боюнча расмий статистикалык отчеттуулукту экономиканын реалдуу секторунун коммерциялык ишканалары №1-ФЧИ-Микро форма боюнча отчет тапшырган чакан ишканалардан, дыйкан жана фермер чарбаларынан (юридикалык жакты түзбөгөн), бюджеттик, финансылык жана коммерциялык эмес уюмдардан башка өз алдынча балансы бар жана юридикалык жак болуп саналган бирикмелер, уюмдар, айыл чарба жана балык кармоочу ишканалар сыяктуу биргелешкен дыйкан чарбалар) ишке ашырган экономикалык ишмердигинин түрүнө жана менчигинин формасына карабастан түзүшөт. Соодалашуу жана (же) салык төлөө себептер боюнча бухгалтердик жана баланстык эсеп жүргүзгөн чакан бирдик ишкана деп саналат. Юридикалык жактан өз алдынча туунду ишканалар өз алдынча маалыматтарды бериши керек. Маалыматтар ар дайым жалпы ишкана боюнча көрсөтүлүшү керек, буга бардык өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес бөлүмчөлөр да кирет. Чет өлкөлүк филиалдар гана камтылбайт.

7. Отчеттор отчеттун даректик бөлүгүндө көрсөтүлгөн дарекке жана мөөнөттө тапшырылат

**«Ишкананын (уюмдун) финансылык-чарбалык ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү тууралуу отчет» аттуу №1-ФЧИ-жылдык форма**

**1-бөлүм. Кызматкерлердин саны.**

**«Кызматкерлердин орточо жылдык саны»** аттуу **48-сапта** тизмелик курамдагы жумушчулардын саны, иштеп жаткандардай эле, жумушта расмий катталып, бирок убактылуу иштебегендер да көрсөтүлөт. Андан тышкары, мында жарандык-укуктук мүнөздөгү келишим боюнча иштеп жаткан, бирок башка ишканалардын тизмесинде турбаган жумушчулардын саны жазылат. *Кызматкерлердин жыл ичиндеги орточо тизмелик саны* жумушчулардын отчеттук жылдын бардык айларындагы орточо айлык санын кошуп, андан чыккан сумманы 12ге бөлүү жолу менен эсептелет («Жалданып иштеген жумушчулардын саны жана эмгек акысы статистикасы боюнча нускама», 2-бөлүм, 17.05.2005-ж. №11).

Иштеген адамдардын санына төмөнкүлөр кирет: уюмдун иштеп жаткан кожоюндары жана ишкананын тең кожоюндары; акысыз жардам берген үй-бүлө мүчөлөрү; эгерде алардын жумуш убактысы ишканада кабыл алынган жумуш убактысынын кур дегенде үчтөн бирин түзсө; ишкана менен кандайдыр бир аныкталган келишими бар жактар (мисалы, башкаруу мүчөлөрү, директорлор, коммивояжерлер, практиканттар жана окугандар). Толук иштегендердин санына ооруп калгандар, өргүүдө жүргөндөр, кош бойлуулук же төрөт боюнча өргүүдө жүргөндөр, дагы башка себептер менен убактылуу иштебеген бардык жумушчулар, мезгилдүү жана жардам берүүчү жумушчулар, толук эмес иш убактысын жана иш убактысынын бир бөлүгүн аргасыз иштегендер, убактылуу чет жерде иштегендер (бир жылдан аз) кошулат.

**«Иштелген адам-сааттардын саны»** аттуу **49-сапта** негизги иш (кызматы) боюнча да, ушул эле уюмда айкалыштырып иштеген жумушу боюнча да кызматкерлердин иш жүзүндө иштелген сааттары, ченемден ашык жана майрам (иш эмес күндөрү), дем алыш (график боюнча) күндөрү иштелген сааттарынын саны эсептелет, буга кызматтык командировкалардын сааттары кошулат.

Иштелген адам-сааттарга төмөнкүлөр **кирбейт:**

- жумушчулардын жылдык, кошумча өргүүлөрдө, окуусу боюнча өргүүлөрдө, администрациянын демилгеси менен берилген өргүүлөрдө болгон сааттары;
- ооруп калган убактысы;
- нөөмөт аралык токтогон убакыт;
- энелерге баласын эмизүүгө берилген убакыт;
- жашы 18 жаштан төмөн жумушчулардын ишинин узактыгынын кыскартылган убактысы;
- жумушчулардын башка себептер менен ишинде жок болуусу, алардын эмгек акысынын сакталган же сакталбагандыгына карабастан.

**«Финансылык-чарбалык ишмердиктердин жыйынтыктары»** аттуу **2-бөлүмдүн** маалыматтары ишканада кабыл алынган эсеп саясатына жана ушул нускамага, «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамга, Кыргыз Республикасында бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Финансылык отчеттуулуктун

стандарттары боюнча мамлекеттик комиссиянын жана «Финансылык отчеттуулукту тапшыруу жөнүндө» аудитке ылайык толтурулат.

**001-сапта** продукцияны жана товарларды сатуудан түшкөн акча, иштерди аткаруу жана кызматтарды көрсөтүү, үчүнчү жактар үчүн чарбалык операцияларды жүргүзүү менен байланышкан (чарбалык ишмердиктин айрым фактылары менен байланышкан түшүүлөр), ишмердиктин кадимки түрлөрүнөн түшкөн киреше болуп эсептелинген, ишкана (уюм) тарабынан таанылган түшүүлөр көрсөтүлөт.

Түшкөн акча акчалай түрдө эсептелген суммада баадан арзандатууларды (жарнама менен байланышкан жумуштар, бонустар, сконто, арзандатуулар ж.б.), ошондой эле сторнону кемитүү менен чагылдырылат. Ишканалар 001-сапта түшкөн акчаларды анын салыктык максаттар үчүн эсептөө усулуна карабастан ошол суммада чагылдырышат.

***Жеке продукциясын сатуудан (жүгүртүүдөн)*** түшкөн акча төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ишкананын өндүрүштүк ишмердигинин алкагында чыгарылган бардык буюмдарды сатып өткөрүүнүн жүгүртүүсү;
- четтен алынган комплектөөчү бөлүктөрдү колдонуу менен өндүрүлгөн жеке буюмдарды сатуудан түшкөн акчанын бардыгы;
- кайра иштетилип алына турган чийки затты иштетүүдө өндүрүлгөн товарларды сатуунун жүгүртүлүшү;
- өндүрүштүн калдыктарын (мисалы, металлдын калдыктары, чоюндун сыныктары, жүндүн ж.б. калдыктары) сатып өткөрүүдөн түшкөн акча;
- ишкананын өндүрүштүк ишмердигинин чегинде өз күчү менен чыгарылган жабдууларды же буюмдарды ижарага берүүдөн же лизингинен түшкөн акча;
- редакциялык жана басмакана ишинен түшкөн акча;
- экинчи иреттеги кайра иштетүүнүн жүгүртүүсү.

Оңдоо, техникалык кароо, монтаждоо ж.б.у.с. иштерден түшкөн акчанын ичинде ошол жумуштардын процессинде колдонулган материалдардан түшкөн акчаны эсепке алуу зарыл (мисалы, камдык бөлүктөр, буюмдар, көмөкчү жана майлоочу каражаттар).

***Кайра сатуунун жүгүртүүсү*** - кандайдыр бир иштетүүсүз жана жеке буюмдар менен өндүрүштүк-техникалык байланышы жок кайра сатылган башка продукцияны сатуунун жүгүртүүсү болуп саналат.

ФОЭС боюнча эсеп жүргүзгөн ишканалар үчүн кайсы отчеттук мезгилде акы төлөнгөнүнө карабастан, сатуудан түшкөн акча товарды сатып алуучуга менчик укугу берилгенден баштап, ал эми кызмат көрсөтүүлөр иш жүзүндө кылынган отчеттук мезгилден баштап эсептелет.

Геологиялык чалгындоо ишканалары жүргүзүлгөн геологиялык жана чалгындоо иштеринин көлөмүн чагылдырышат: жер астындагы кендердин - мунайзат, жаратылыш газы жана минералдар, ошондой эле жер астындагы суулардын жайгашкандыгы жана түзүмү жөнүндө маалымат берүүчү үстүртөн жүргүзүлүүчү өлчөөлөр жана байкоолор. Иштердин көлөмүнө ошондой эле төмөнкүлөр кирет: мунайзаттын, газдын, пайдалуу катуу кендердин жана жер астындагы суулардын жайгашканын аныктоо үчүн жер жана тоо тектердин жана түзүмдөрдүн сыпаттуулуктарын изилдөө жолу менен геология, геофизика,

геохимия, башка илимдер тармактарында илимий изилдөөлөр боюнча консультациялык кызматтар, геологдордун кызмат көрсөтүүлөрү, геолог-нефтяник, геохимик жана башка геологдордун кызмат көрсөтүүлөрү.

**002-сапта** отчеттук мезгилде сатылып өткөрүлгөн (сатылган) продукцияга, иштерге, кызмат көрсөтүүлөргө тиешелүү продукцияны, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө кеткен эсепке алынган чыгымдар чагылдырылат, т.а. сатып өткөрүүдөн алынган акча жана сатып өткөрүүнүн өздүк наркы продукциянын, товардын, жумуштун, кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдей көлөмүнө туура келтирилип эсептелиниши керек.

Соода ишмердигин жүргүзгөн уюмдар бул сап боюнча отчеттук мезгилде сатуудан түшкөн акчасы чагылдырылган товарлардын сатып алуу наркын чагылдырышат.

Айыл чарба ишмердигин жүргүзгөн уюмдар биологиялык активдерди өндүрүү боюнча чыгымдарды чагылдырышат.

**003-сапта** сатуудан түшкөн акчасы ушул отчеттук мезгилде чагылдырылган иштетилбей сатылып өткөрүлгөн товарлардын сатылып алынган наркы чагылдырылат.

Эгерде соода ишканалары соода ишмердигинен тышкары ишмердиктин башка түрү менен алек болбосо, 002- жана 003-саптар барабар болушу керек.

**004-сапта** ишкананын ***негизги ишмердигинен айырмаланган*** операциялык ишмердигинин натыйжасында алынган кирешелери чагылдырылат. Аларга негизинен төмөнкүлөр кирет:

- ишкананын өндүрүштүк ишмердигинин алкагында өндүрүлбөгөн шаймандарды, заводдун жабдууларын жана шаймандарын ижарага берүүдөн түшкөн акча;
- квартираларды ижарага берүүдөн түшкөн акча (ишкана тарабынан өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес максаттарда пайдаланып жүргөн турак үйлөрдүн квартиралары);
- патенттерди сатуудан жана уруксаттамаларды берүүдөн түшкөн акча;
- комиссиялык түшүүлөр;
- чет жактарга көрсөтүлгөн транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн акча (транспорттук эмес ишканалар үчүн);
- кызматкерлер үчүн мекемелерден түшкөн акча (мисалы, ишкананын каражатынын эсебинен иштеген ашкана);
- жеке айыл чарба продукциясын сатуудан түшкөн акча (айыл чарба эмес ишканалар үчүн);
- консультациялык жана пландаштыруу иштеринен түшкөн акча.

**006-сапта** сатып өткөрүү боюнча чыгымдардан жана административдик чыгымдардан айырмаланган ишкананын башка өндүрүштүк операциялык чыгымдары чагылдырылат.

**007-сапта** сатып өткөрүү менен байланышкан негизги каражаттардын амортизациясы менен бирге, отчеттук мезгил ичиндеги даяр продукцияны, товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу, сактоо, сатып өткөрүүдө келип чыккан өндүрүштүк ишканалардын чыгымдары чагылдырылат. Соода ишмердигин жүргүзгөн уюмдар бул сапта жүгүртүү чыгымдарын көрсөтүшөт.

**008-сапта** жалпы жана административдик чыгымдар көрсөтүлөт, анын ичинде эмгек акыга кеткен чыгымдар жана администрациянын социалдык камсыздандыруу чегерүүлөрү, камсыздандыруу боюнча жалпы чыгымдар, негизги каражаттардын жана өндүрүштүк эмес багыттагы материалдык эмес активдеринин амортизациясы, администрациянын командировкалык чыгымдары, кеңсе товарларына сарпталган чыгымдар, аудиторлордун, юристтердин гонорарлары, өндүрүштүк эмес имараттардын ижара чыгымдары жана офис үчүн жабдуулар, коммуналдык жана телекоммуникациялык кызат көрсөтүүлөргө жумшалган жана жалпысынан ишкананын ишине тиешеси бар башка чыгымдар, продукцияны өндүрүүгө жана анын кыймылына байланышпаган, бирок пайданы эсептөөгө таасир тийгизген мезгилдин чыгымдарын мүнөздөгөн ушул өңдүү башка чыгымдар.

«Операциялык эмес кирешелер жана чыгымдар» аттуу **011-сапта** ишкананын чарбалык операциясынын натыйжасында эмес, инвестициялык, финансылык ишмердигинин же эреже катары ишканага көз карандысыз айрым чарбалык турмушунун натыжасында пайда болгон кирешелер жана чыгымдар чагылдырылат. Бул беренеге тиешелүү кирешелер жана ушул кирешелерди алуу менен байланышкан чыгашалар 012ден 014кө чейинки жана 019дан 023кө чейинки саптарда көрсөтүлөт.

**012-сапта** кайтаруусуз берилген, анын ичинде белекке берүү келишими боюнча берилген кирешелер жана активдер чагылдырылат.

**013-сапта** келишимдердин пайыздарына ылайык эсептелине турган суммадагы кирешелер көрсөтүлөт: облигациялар боюнча, анын ичинде мамлекеттик облигациялар боюнча; банк депозиттери боюнча; уюмдун акча каражаттарын колдонууга берүүдөн түшкөн; ушул насыя уюмундагы ишкананын эсебинде турган акча каражаттарын насыя уюм тарабынан колдонуудан түшкөн кирешелер.

**014-сапта** келишимдерге ылайык уюмдун акча каражаттарын (насыяларды, зайымдарды) колдонуу үчүн төлөнгөн жана ишкана тарабынан чыгарылган облигациялар боюнча пайыздарды төлөөгө кеткен чыгымдар, өкмөттүн кепилдигисиз алынган чет өлкөлүк насыялар боюнча пайыздарды кошкондо, бюджет жана башка уюмдар тарабынан берилген ссудалар боюнча пайыздарды төлөөгө сарпталган чыгымдар чагылдырылат.

**019-сапта** башка акча каражаттарынан, товарлардан жана продукциялардан айырмаланган негизги каражаттарды жана башка активдерди сатуу, чыгаруу жана башка эсептен чыгаруу менен байланышкан негизги каражаттардын же башка активдердин сатуу келишиминин шарттарына ылайык алуу үчүн аныкталган кирешелер көрсөтүлөт. Бул беренелер боюнча алынган пайда же ушул операциялардын натыйжасында түзүлгөн зыян сальдоштурулуп чагылдырылат.

**020-сапта** отчеттук мезгилдин ичинде ишкананын операциялык эмес ишмердигинин жүрүшүндө пайда болгон чет өлкөлүк валюталардын операциялары боюнча курстук айырмачылыктар чагылдырылат.

**021-сапта** доо мөөнөтү өткөндүгү боюнча кредитордук жана депоненттик карызды жоюунун натыйжасында алынган кирешелер көрсөтүлөт.

**022-сапта** шектүү жана үмүтсүз карыздар резервин түзүү боюнча чыгымдар чагылдырылат. Шектүү карыз деп келишимдерде каралган мөөнөттө төгүлбөгөн жана тийиштүү кепилдиктер менен камсыздалбаган продукция, товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн ишкананын дебитордук карыздары эсептелет. Резерв кошумча нарк салыгы да кошулуп, шектүү карыздын суммасына түзүлөт.

**023-сапта** чарбалык келишимдерди бузгандыгы үчүн карыз алуучу моюнуна алган же бериле турган айып, туум, үстөктөр жана башка санкциялардын түрлөрү, дагы чарбалык келишимдерди бузуу менен байланышкан, келтирилген чыгашанын ордун толтуруудан келген кирешелер, 012ден 022ге чейинки саптарда чагылдырылбаган башка операциялык эмес кирешелер жана чыгашалар (сальдоштурулган) көрсөтүлөт.

«Өзгөчө пайда (зыян (-))» аттуу **025-сапта** кадимки операциялардан айырмаланган жана тез-тез же туруктуу кайталануусу күтүлбөгөн беренелер чагылдырылат. Бул мамлекеттин кийлигишүүсүнүн же табигый кырсыктардын натыйжасында пайда болгон төмөнкүдөй беренелер болушу мүмкүн:

- уюм тарабынан алына турган (алынган) камсыздандыруу төлөөлөрүнүн суммалары жана табигый кырсыктардан, өрттөрдөн, кыйроолордон, башка өзгөчө кырдаалдардан келип чыккан зыяндын ордун башка булактардан жабуу суммалары;
- калыбына келтирүүгө жана андан ары колдонууга жарабаган активдерди эсептен чыгаруудан калган материалдык баалуулуктардын наркы;
- жаңы мыйзамды ишке киргизүүнүн натыйжасында келип чыккан кирешелер жана чыгымдар;
- менчиктин мамлекет тарабынан тартылып алынышы;
- жоготулган материалдык-өндүрүштүк баалуулуктардын наркы, өрттөрдүн, кыйроолордун, табигый кырсыктардын, башка өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында жараксыз абалга келген, калыбына келтирүүгө жана андан ары колдонууга жарабаган негизги каражаттардын объектилерин эсептен чыгаруудан келип чыккан чыгымдар.

**Маалымдоо:**

«Продуктуларга субсидиялар» аттуу **027-сапта** ишканага (уюмга) өндүрүлгөн товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдигине төлөнгөн жана ишкана тарабынан алынган субсидиялар чагылдырылат.

Субсидия – мамлекет (же коомдук уюм) тарабынан белгилүү бир ишканага же экономиканын тармагына, ишканалардын белгилүү тобуна же экономиканын тармагына берилген финансылык жардам, бул жардам мамлекеттик дотация, зайым, милдеттенмелер боюнча кепилдиктер, акцияларды сатып алуу же салык жеңилдиктерин берүү, ошондой эле өндүрүштүн же сооданын чыгымдарын азайтуу үчүн товарларды жеңилдетилген баа менен берүү түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн.

«Өндүрүшкө субсидиялар» аттуу **028-сапта** өндүрүштүк чыгымдарды азайтуу, продукциянын сатуу баасын төмөндөтүү жана (же) өндүрүштүк факторлордун ордун жетишерлик жабууну камсыздоо максатында илимий жана изилдөөчүлүк иштерди же күндөлүк өндүрүштүк тапшырмаларды аткаруу үчүн

мамлекеттик бюджет, муниципалитеттер же кээ бир уюмдар тарабынан ишканага акысыз берилген дотациялар чагылдырылат. Мындай субсидиялар өндүрүлгөн же сатылган товарлардын наркынын сандык мааниси менен байланышпайт. Буларга жалпысынан төмөнкүлөр кирет: эмгек акы жана жумушчу күчү боюнча субсидиялар (адамдардын кандайдыр бир топторун, мисалы, майыптарды же узак мөөнөттөн бери иштебеген адамдарды жалдоо); продуктулардын белгилүү түрлөрүн өндүрүү боюнча иш-чараларды (мисалы, балдардын тамак-ашы) ж.б.у.с. колдоочу айлана-чөйрөнү коргоо боюнча субсидиялар (айлана-чөйрөгө булгоочу заттарды таштоону азайтуу же жоюу боюнча кошумча жумуштарга байланышкан чыгымдарды толук же жарым-жартылай жабуу);

Субсидиялар жүгүртүүдөн түшкөн акчалардын ичине кирбейт. Субсидияларга төмөнкүлөр кирбейт: салыктык жеңилдиктер, дотациялар жана инвестициялардын үстөктөрү, кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын натыйжасында болгон чыгашалардын ордун толтуруу, ошондой эле ишкананын компетенциясынан тышкаркы себептер боюнча тартылган зыянды төлөп берүүлөр.

**«Сатып өткөрүүдөн түшкөн акчаны ишмердиктин түрлөрү боюнча бөлүштүрүү»** аттуу **2.1-бөлүмдүн** 1-графасында продукцияны, товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн акча ишмердиктин түрлөрү боюнча чечмеленет. Ишмердиктин бир нече түрлөрүнөн түшкөн акчага жана кирешеге ээ көп тармактуу ишканалар аларды 051-077-саптар боюнча чагылдырышат. Эгерде акчаны экономикалык ишмердиктин тигил же бул түрүнө киргизүүдө кыйынчылыктар пайда болсо, анда мамлекеттик статистиканын райондук кызматтарына кайрылуу зарыл.

**051-сапта** ветеринардык кызматтардан башка өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарба продукциясын сатуудан, өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарба тармагындагы кызмат көрсөтүүлөрдүн түшүүлөрү чагылдырылат: сугаруучу жана кургатуучу системаларды пайдалануудан, айыл чарбалык суу менен жабдуу системаларын пайдалануудан, жерди иштетүү жана айдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн, түшүм жыйноо кызмат көрсөтүүлөрүнөн, агрохимиялык ж.б. кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр. Буларга тамак-ашты даярдоо үчүн аңчылыктан жана мергенчиликтен, баалуу терилерди өндүрүүдөн, коммерциялык максаттарда аңчылыкты жана мергенчиликти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү боюнча жаныбарларды, канаттууларды көбөйтүүдөн, өстүрүүдөн жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр кирет.

Токой өстүрүүчүлүктөн түшкөн акчага төмөнкүлөр кирет: курулуш жыгачтарды, жаңы жылдык балатыларды, иштетиле элек токой материалдарын (тирөөч болуучу жыгач, жоон жыгач устун, казык, жыгач отун), накта чайырларды, ийлөө заттарын, жапайы өүмдүктөрдү жана жыгач эмес продуктуларды чогултуудан жана сатуудан түшкөн акча, ошондой эле токой өстүрүүчүлүк жана жыгач даярдоо тармагында тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн акча: жыгачтын баасын белгилөө, кыртышты изилдөө, отургузуучу материалды көзөмөлдөө, токойду авиация менен коргоо, өрттөн ж.б. сактоо.

**052-сапта** ички сууларда балык уулоодон, балыкты алгачкы иштетүүдөн, балык уулоочулукка байланышкан кызмат көрсөтүүдөн (балык коргоо жана балык

көзөмөл), балыкты көбөйтүүдөн жана акклиматизациялоодон, балык-мелиоративдик иштерден келип чыккан жүгүртүүлөр чагылдырылат.

**053-сапта** чийки затты сатып өткөрүүгө даярдоо иштерине байланышкан жаратылышта катуу тек түрүндө (көмүр жана кен), суюк түрдө (мунайзат) же газ түрүндө (жаратылыш газ) кездешкен минералдарды казуудан түшкөн киреше көрсөтүлөт: талкалоо, майдалоо, кургатуу, сорттоо, байытуу, агломерациялоо, мунайзатты суудан ажыратуу, ошондой эле башка пайдалуу кендерди казуудан түшкөн киреше чагылдырылат: курулуш үчүн ташты (ташты талкалоону жана майдалоону кошкондо), акиташты, гипсти, борду, топуракты, тузду ж.б. казуу.

**054-сабына** жеке өндүрүшүнүн өнөр жай продукциясын сатуудан түшкөн акча киргизилет. Иштетүү өнөр жайы деп механикалык мотору бар машинелер менен же кол менен айландыргандыгына, продукциянын чекене же дүѕ соодада сатылгандыгына карабастан, материалдарды же компоненттерди физикалык же химиялык жол менен жаѕы продуктуларга айландыруу эсептелет.

**055-сабына** туруктуу түйүндөр - кабель, түтүк өткөргүч, суу түтүгү боюнча электр энергиясын, газ, суу менен бууну (кондицияланган аба менен) өндүрүүдөн жана бөлүштүрүүдөн түшкөн киреше киргизилет.

**056-сапка** үй чарбалардын, өнөр жай, коммерциялык жана башка керектөөчүлөрдүн ортосунда жаратылыш суусун (ичүүчү сууну жана ичүүгө болбой турган сууну) чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүүдөн түшкөн кирешелер киргизилет, бирок айыл чарбасындагы сугат системаларды пайдалануу киргизилбейт. Буга төмөнкүлөр да кирет: иштетүү максатында эмес, жок кылуу максатында үй чарбалардын жана өнөр жай ишканаларынын калдыктарын иштетүүдөн, көчөлөрдү тазалоодон, канализациялык системаларды техникалык тейлөөдөн жана тазалоодон түшкөн кирешелер кирет. Таштандыларды, курулуштун калдыктарын ж.б. ташып чыгаруу, коркунучтуу эмес же коркунучтуу таштандыларды иштетүү жана жок кылуу, кайра пайдалануучу чийки затты алуу, кайра пайдалануучу чийки зат материалын алуу максатында металл жана металл эмес калдыктарды иштетүү ж.б. кирет.

**057-сапка** жаңы курулушту, калыбына келтирүүнү жана кезектеги оңдоону ишке ашыруудан түшкөн кирешелер кирет: жалпы курулуш иштери, атайын курулуш иштери, турак үйлөрдү жана жарандык объекттерди куруу, имараттарды жасалгалоо боюнча жумуштар, бүткөн имараттардын курулмаларын, убактылуу имараттарды жана курулмаларды даяр конструкциялардан кайра келбеттөө ж.б.

**058-сапта** жаңы жана мурун колдонуудагы төмөнкү товарларды чекене сатуудан түшкөн түшүүлөр чагылдырылат: транспорттук каражаттарды, тетиктердин бардык түрлөрү, бөлүктөрү жана шаймандары; мотоциклдер, мопеддер, мотороллерлер, велосипеддерди жана алардын тетиктери, шаймандары; мотор майлары (күйүүчү жана мотор бензини, газолин, бензин, суюк мунайзат газы); майлоочу материалдар жана муздатуучу каражаттар; тамак-аш азыктары, суусундуктар, тамеки; фармацевтикалык товарлар; текстиль буюмдары; кийимдери; бут кийимдери; эмеректери; тиричилик электр товарлары, радио жана телеаппаратуралар; музыкалык аспаптар жана партитуралар; жалпак темирлер,

лак жана боёо материалдары, айнек; китептер, гезиттер, жазуу буюмдары; фотографиялык, оптикалык жана так көзөмөлдөөчү жабдуулар; килемдер; сааттар; зергер буюмдары; спорт жана туризм үчүн товарлар ж.б.

**059-сапка** дүң соода жүгүртүүдөн же агенттер аркылуу сооодадан түшкөн кирешелер киргизилет (акылуу же келишимдик негизде).

**060-сапта** автомобилдерди техникалык тейлөө же оңдоодон түшкөн кирешелер көрсөтүлөт: механикалык оңдоо, кыймылдаткычтарды, электр жабдууларды оңдоо, күнүмдүк тейлөө, кузовдорду, тетиктерди, унаа жуучу жайларды оңдоо, жылмалоо, боёо, айнектерди жана терезелерди, автомобилдин дөңгөлөктөрүн жана камераларын оңдоо, орнотуу же алмаштыруу, коррозияга каршы коргоо, сүйрөтүү.

**061- сапта** дүѕ соода жана агенттер аркылуу соода (сый акы үчүн же келишимдин негизинде) жүгүртүүдөн түшкөн түшүүлөр кирет.

**062-сапта** 059-сапта көрсөтүлгөндөн башка товарлардын бардык түрлөрүн дүѕ сатуудан түшүүлөр чагылдырылат.

**063-сапта** мотор майын (күйүүчү, мотор бензинин, газолинди, бензинди, суюк мунай газын) чекене сатуунун жүгүртүүсүнөн түшүүлөр көрсөтүлөт.

**064-сапта** автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан башка чекене сооданын жүгүртүлүшүнөн түшүүлөр көрсөтүлөт.

**065-сапка** мотель, отель, мейманкана, конок үйлөрү, туристтик базалар жана лагерлер, чакан үйлөр (шале) жана квартиралар, кемпинг ж.б. кыска мөөнөткө жашоочу жайгаштыруулардан түшкөн кирешелер киргизилет.

**066-сапта** көпчүлүк учурларда сатылып жаткан жерде керектөө үчүн багытталган даяр тамак-ашты сатуудан түшкөн киреше көрсөтүлөт, буга тамак-аш менен бир убакытта керектелүүчү суусундуктар да кошулат.

**067-сапта** төмөнкү иш-аракеттерден түшкөн киреше чагылдырылат: ырааттамага көз каранды болгон жана көз каранды болбогон жүргүнчү транспортунун, темир жол, түтүк өткөргүч, автомобиль, суу жана аба транспорту менен аткарылган ташуулар, терминалдардын жана токтотуучу жайлардын кызмат көрсөтүүлөрү (темир жол станциялары, автобус станциялары өңдүү), жүктөрдү сактоо жана транспорттук иштетүү; башка көмөкчү транспорт ишмердиктери; жүктү ташууну уюштуруу.

**068-сапта** кинофильм, видео, визиондук программаларды жана радиоуктурууларды, үн жазуулар, басмакана ишмердигин, китеп, журнал жана мезгилдүү басылмаларды чыгаруудан, даректик китеп жана башка басылмаларды (полиграфиялык иштен башка (басма сөз)) чыгаруудан түшкөн киреше көрсөтүлөт, анын ичинде киностудияларга, видео-салондорго, кинотеатрларга, радио жана телекөрсөтүүлөргө берилген фотография, гравюра, календарь, афиша, искусство чыгармаларын, ошондой эле программалык камсыздоону (жеке керектөөчүлөр үчүн ылайыкталбаган) көчүрүүдөн түшкөн кирешелер чагылдырылат.

**069-сапта** почта жана чабармандык ишмердиктен, электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн көрсөтүүдөн түшкөн киреше көрсөтүлөт.

**070-сабы** эсептөө техникасынын аппараттык каражаттары боюнча кеңеш берүүдөн, программалык камсыздоону иштеп чыгуудан жана ушул тармакта кеңеш берүүдөн, маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн, маалыматтык базалар менен байланышкан ишмердиктен, Web-порталдардын (Интернетти), кабар агенттиктердин ишмердигинен түшкөн кирешени камтыйт.

**071-сапта** финансылык ортомчулук чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар көрсөтүлөт

**072-сапка** акылуу же келишимдик негизде менчик же ижарага алынган кыймылсыз мүлк операцияларынан түшкөн киреше киргизилет: кыймылсыз мүлктү сатууга даярдоо; кыймылсыз мүлктү сатып алуу, сатуу же ижарага берүүдө көрсөтүлгөн ортомчулук кызмат көрсөтүүлөрү; кыймылсыз мүлктү ижарага берүү; кыймылсыз мүлктү башкаруу.

**073-сапта** табигый жана техникалык илим, коомдук жана гуманитардык илим тармактарында фундаменталдык жана илимий колдонмо изилдөөлөрдү жана эксперименталдык иштеп чыгууларды жүзөгө ашыруудан түшкөн киреше чагылдырылат.

**074-сапта** адвокаттар, соттук аткаруучулар, эксперттер жана арбитрлердин юридикалык консультацияларынан, нотариалдык ишмердиктен, бухгалтердик эсеп жана аудит чөйрөсүндөгү эмгектен (кеңеш берүүдөн), коммерциялык ишмердик жана башкаруу, архитектура, курулуш долбоорлору жана техникалык сыноолор, инженердик жана техникалык ишмердик тармагындагы кеңеш берүүдөн, инженерлердин, менеджерлердин консультациялык жумуштарынан, геологиялык чалгындоо жана изилдөө иштерин жүргүзүү боюнча иштен; геодезиялык изилдөө иштеринен, жерди бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүдөн, дезинфекция боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелер чагылдырылат.

**075-сапка** жарнама ишмердиги чөйрөсүндөгү ишмердиктен, массалык маалымат каражаттарынын жарнама кызмат көрсөтүүлөрүнөн, рыноктун конъюнктурасын жана коомдук ой-пикирлерин изилдөөдөн, гидрометеорология жумуштарынан, адистештирилген дизайнердик эмгектерден, фотография, котормо кызмат тармагындагы ишмердиктерден, ветеринардык ишмердиктен түшкөн киреше киргизилет.

**076-сапка** автотранспорттук каражаттарды, машиналарды жана жабдууларды ижарага берүүдөн, ошондой эле эс алуу, спорт жана тиричилик товарларды (кийим, бут кийим, эмерек, эс алуу жана көңүл ачуу буюмдары, шезлонг жана кол чатырларды (пляж үчүн да кирет); башка спорттук товарларды ж.б.), театр декорацияларын жана костюмдарын, велосипеддерди киреге берүүдөн; жумушчу күчүн жалдоо жана персоналды тандоо, тергөө иштерин жүргүзүү жана коопсуздукту камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн, жеке менчик коргоочулардын жана менчик коргоо бюролорунун кызматтарынан, бардык түрдөгү жайларды тазалоодон, ландшафтты өзгөртүүдөн, маалымат берүүчү телефон борборлорунун кызмат көрсөтүүлөрүнөн, катчылык кызмат

көрсөтүүлөрдөн, таңгактоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн (ар түрдүү товарларды, белек кутучаларын, фармацевтика товарларын ченеп ороо ж.б.); операциялык лизингден, кадрларды тандоо агенттиктеринин кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшкөн киреше киргизилет. Буларга ошондой эле, туристтик агенттиктердин жана туроператорлордун ишмердиги, туризм тармагында ээлеп коюу жана башка ишмердик, сейилдетүүчү кеме, каноэ жана парусниктердин кызмат көрсөтүүлөрү кирет;

**077-сапта** билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер көрсөтүлөт; мамлекеттик, ошондой эле бардык деңгээлдеги менчик билим берүү, бардык кесиптерге окутуу, күндүзгү же сырттан окутуу, ошондой эле радио жана телекөрсөтүү боюнча окутуудан түшкөн киреше көрсөтүлөт.

**078-сапта** саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө тармагындагы ишмердиктен түшкөн киреше чагылдырылат.

**079-сабына** эс алууну, маданий жана спорттук иш-чараларды, анын ичинде көрсөтмөлөрдү уюштуруу жана өткөрүү боюнча ишмердиктен, музейлерди, оюн залдарын, спорттук курулмаларды башкаруу жана пайдалануу ишмердигинен түшкөн киреше көрсөтүлөт. Театрлар, эс алуу жана көңүл ачуу парктары, цирктер, дискотекалар, бий мектептери, китепканалар, архивдер, музейлер, ботаникалык бактар, зоопарктар, жаратылыш коруктары, сүзүүчү бассейндер, стадиондор тарабынан алынган киреше чагылдырылат, лотерея билеттерин, казино, спорттук аянтчалар, ипподромдор, жарышка салынуучу аттардын жана күлүк аттардын атканаларын сатуудан түшкөн киреше чагылдырылат.

**080-сапта** электрондук жабдууларды, анын ичинде компьютер, жеке керектелүүчү нерселерди жана тиричилик буюмдарын: саат, зергер буюмдар, тиричилик техника, бут кийим жана булгаарыдан жасалган башка буюмдар, кийим, турмуш-тиричилик эмерек, велосипед, зымсыз телефон, уюлдук телефондорду оңдоодон, пианинону ж.б. орнотуудан түшкөн киреше чагылдырылат.

Жеке керектөө үчүн кызмат көрсөтүүдөн түшкөн киреше көрсөтүлөт: кир жуу, үтүктөө, кийимдин бардык түрлөрүн, килемдери, терезе пардаларын кургак тазалоо, кир жуу жана жеткирүү, химиялык тазалоо жана боёо, чачтарач, сулуулук салондору, сөөк көмүүнү уюштуруу жана ага байланышкан кызмат көрсөтүүлөр, адамдын денесинин чың болушун камсыздоо, фитнес-клуб, мончо, сауна, солярий, дененин салмагын жана формасын түзөтүү салону, массаж салону, дене тарбия борбору, коомдук ажатканалардын, унаа токтотуучу жайлардын ж.б. ишмердиги.

**081-сапта** «өндүрүштүк камдыктарды сатуудан түшкөн акча» көрсөтүлөт, т.а. чийки зат, материалдар, отун, сатылып алынган жарым фабрикаттар жана топтолуучу буюмдар, кутучалар, курулуш материалдар жана жүгүртүү каражаттарына тиешелүү даяр продукциядан тышкаркы башка материалдык баалуулуктар, кайра сатуу үчүн арналган товарлар жана бүтпөгөн өндүрүш.

Эгерде ишкана **081-сапты** толтурса, анда тийиштүү түрдө **002- жана 003-саптарды** да толтурушу керек.

**3-бөлүм. Активдер, милдеттенмелер жана капитал**

«Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери» аттуу **100**-сапта банктардын кассасындагы жана эсептериндеги акча каражаттары, валюталык эсеп, баалуу кагаздар, салымдар, ишкананын кассасында болгон акчалай документтер жана башка акчалай эквиваленттер (почта маркалары, вексель маркалары, төлөнгөн авиациялык билеттер, эс алуу үйлөрүнө жана санаторийлерге төлөнгөн жолдомолор) көрсөтүлөт.

«Кыска мөөнөттүк инвестициялар» аттуу **104-сапта** бир жылдан ашык эмес мөөнөттө колдонууга багытталган ишкананын баалуу кагаздарга салымдары (финансылык салуулар) чагылдырылат, мөөнөттүк депозиттер, депозиттик сертификаттар, казыналык векселдер, мамлекеттик облигациялар жана күндөлүк милдеттенмелерди төгүүгө пайдаланыла турган айланма каражаттарын билдирүүчү башка зайымдардын облигациялары көрсөтүлөт.

**1072-сапта** резидент эместерге берилген насыялар, зайымдар жана депозиттик салымдар көрсөтүлөт.

***Резиденттер*** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган, анын ичинде Кыргыз Республикасынын сыртында бир жылдан аз убактылуу болгон жеке адамдар. Чет өлкөлүк дипломатиялык жана башка өкүлчүлүктөрдүн кызматкерлерин эсептебегенде, эгерде Кыргыз Республикасында жашаган же бир жылдан ашык убакыт жашаганы жаткан болсо, анда чет өлкөлүк жеке адамдар Кыргыз Республикасынын резиденти болуп эсептелет;
- Кыргыз Республикасында жайгашып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн юридикалык жактар;
- Кыргыз Республикасында жайгашып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн чет өлкөлүк жактардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү.

***Резидент эместер*** – Кыргыз Республикасында жайгашкан чет өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын дипломатиялык жана башка өкүлчүлүктөрүн кошкондо, резидент эмес адамдар.

«Алынуучу счеттор» аттуу **108-сапта** отчеттук күндөн баштап бир жылдын ичинде төлөнө турган кыска мөөнөттүк соодалык дебитордук карыз чагылдырылат. Ал өзүнө күмөндүү жана шектүү карыздарга калтырылган резервдин суммасына азайтылган, товарларды сатуудан же насыяга кызмат көрсөтүүдөн алынуучу эсептерди камтыйт.

**111-сапка** соодалык дебитордук карыздан айырмаланган дебитордук карыз (алынуучу векселдер, кызматкерлердин жана директорлордун карыздары, аванс менен төлөнгөн жана ордун толтурууга тиешелүү салыктар, алынуучу пайыздар жана дивиденддер, курулуш келишими боюнча буйрутма берүүчүлөрдүн карыздары, жылдын ичинде алына турган узак мөөнөттүү дебитордук карыздын кезектеги бөлүгү ж.б.) чагылдырылат.

«Уставдык капиталга төгүмдөр боюнча катышуучу-уюмдаштыруучулардын карыздары» аттуу **112-сапта** уюмдаштыруу эмиссиясын өткөрүүдө уставдык капиталга уюмдаштыруучулардын салымдары боюнча карыздары чагылдырылат,

ошондой эле бардык кийинки эмиссиялар боюнча акцияларга жазылган адамдардын карыздары көрсөтүлөт.

«Камдыктар» аттуу **113-сапта** кайра иштетүү жана сатып өткөрүү мөөнөтүнө карабастан, чийки заттын, материалдын, отундун, сатып алынуучу жана комплектөөчү буюмдардын, таранын, курулуш материалдарынын, даяр продукциялардын жана кайра сатылуучу товарлардын калдыктарынын, бүтпөгөн өндүрүштүн чыгымдарынын (айлануунун чыгашасы) жана айлануудагы каражаттарга таандык болгон башка материалдык баалуулуктардын иш жүзүндөгү камдыктары көрсөтүлөт.

«Берилген авансттар» аттуу **119-сапта** келечекте түшө турган товардык-материалдык камдыктардын, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен отчеттук жылдан кийинки мезгилде, бирок бир жылдан ашпаган убакытта бериле турган авансттар, аванс катары төлөнүп берилген ижара жана авансттык төлөөлөрдүн башка түрлөрү чагылдырылат.

«Алгачкы наркы боюнча негизги каражаттар» аттуу **122-сапта** чарбачылык субъекттердин менчик укугуна таандык болгон же финансылык ижара шартында ижарага алынган бардык негизги каражаттардын алгачкы наркы чагылдырылат: пайдаланып жаткан; монтажды талап кылган жабдуу; негизги каражаттардын курулуп жаткан объектилери; балансста турган негизги каражаттар, буга ижарага алынган, бекер берилген же иштебей жаткан, консервацияда, резервде турган жана бир жылдан ашык колдонууга арналган негизги каражаттар кирет.

Айыл чарба ишканалары тарабынан 122-сапта менчик укугуна таандык болгон же финансылык ижара шартындагы биологиялык активдердин (жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн) наркы чагылдырылат.

«Негизги каражаттардын эсептелген амортизациясы» аттуу **123-сапта** белгиленген тартипте негизги каражаттардын, анын ичинде узак мөөнөттүү ижарага алынган негизги каражаттар боюнча эсептелген амортизациянын суммасы көрсөтүлөт.

**1240 сап боюнча** «Биологиялык активдер» субъектке таандык биологиялык активден чогултулган жана аны сатуу, ошондой эле кийин кайра иштетүү үчүн дайындалган айыл чарба продукциясын эсепке алуу үчүн дайындалган. Айыл чарба ишмердиктерин жүргүзүүчү субъекттер, башка өндүрүүчүлөрдөн же жөнөтүүчүлөрдөн (поставщиктерден) сатылып алынган, кийин кайра иштетүү же алып сатуу үчүн дайындалган айыл чарба продукциясын эсепке алууну ушул эсепте жүргүзө алышат.

«Кыймылсыз мүлккө инвестициялар» аттуу **125 - сапта** ижаралык төлөөлөр түрүндө, же административдик максаттар үчүн, же демейдеги чарбалык ишмердиктин жүрүшүндө сатуу үчүн товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү жана сатып өткөрүү үчүн колдонулбаган, капиталдын наркынын өсүшүнөн түшкөн киреше алуу максатында финансылык ижаранын келишими боюнча ижарачынын же менчик ээсинин карамагында болгон кыймылсыз мүлктүн (жердин, имараттын, же имараттын бөлүгүнүн) наркы чагылдырылат.

«Төлөө мөөнөтү жылдырылган салыктык талаптар» аттуу **126-сапка** салыктык милдеттенмелерди азайтуу жолу менен кийинки мезгилдерде ордун

толтурууга милдеттүү болгон жана төлөө мөөнөтү жылдырылган (кийинкиге калтырылган) пайда салыгынын суммасы киргизилет.

«Колдонууга чектелген акча каражаттары» аттуу **127-сапта** отчеттук күндөн кийин бир жылдан ашык мезгилге колдонууга чектелген, банктардагы күндөлүк же сактык эсептерде болгон акча каражаттарынын калдыгы чагылдырылат (облигацияларды жана топтолуучу башка фонддордун ордуларын толтуруу үчүн фонд түрүндө, узак мөөнөттүү зайымдар боюнча макулдашууларга ылайык компенсациялык калдык катары кармалып жаткан акча каражаттары).

«Узак мөөнөттүү дебитордук карыз» аттуу **128-сапта** кредитке сатылган товарлар же кызмат көрсөтүүлөрдүн векселдер жана эсептер боюнча төлөө мөөнөтү бир жылдан ашкан карыздар, жумушчулардын жана кызмат адамдарынын дебитордук карыздары, фирмалар аралык дебитордук карыз, күмөндүү карыздардын суммасына түзөтүлгөн башка дебитордук карыздар.

«Узак мөөнөттүү инвестициялар» аттуу **133-сапта** бир жылдан ашык мөөнөткө колдонууга багытталган баалуу кагаздарга финансылык салымдар, узак мөөнөттүү насыялар жана зайымдар, туунду жана ассоциацияланган компанияларга инвестициялар, биргелешкен ишмердикке салымдар көрсөтүлөт.

«Материалдык эмес активдер» аттуу **136-сапта** материалдык эмес активдердин алгачкы баалоо наркы көрсөтүлөт: жерди, сууну жана башка табигый ресурстарды колдонуу укугу, брокердик орун акысын кошкондо, уюштуруучу чыгымдар, ойлоп табууларды, «ноу-хау» жана өндүрүштүк менчиктин башка объектилерин, эсептөө техникасынын программалык каражаттарын жана интеллектуалдык менчиктин башка объектилерин пайдалануу укугу, ошондой эле акционерлер (катышуучулар) тарабынан алардын салымдарынын эсебинен ишкананын уставдык фондуна киргизилген башка ушул өңдүү укуктар, ошондой эле ишкананын ишмердик процессинде сатылып алынган укуктар. Акционерлер (катышуучулар) тарабынан алардын салымдарынын эсебинен ишкананын уставдык фондуна киргизилген материалдык эмес активдер ишкананын акционерлеринин (катышуучуларынын) биргелешип чечкен чечими менен белгиленген сумма ишкананын эсебине киргизилет, мындай жол менен аныкталган наркка объектини колдонууга даяр абалына алып келүү үчүн сарпталган чыгымдар кошулат. Ишкананын ишмердигине сатылып алынган материалдык эмес активдер объектини колдонууга даяр абалга келтирүү үчүн сарпталган чыгымдарды кошкондо, сатып алууга кеткен бардык чыгымдардын суммасы ишкананын эсебине киргизилет.

"Материалдык эмес активдердин эсептелген амортизациясы" аттуу **137-сапта** алгачкы наркы жана пайдалуу иштөө мөөнөтүнө жараша белгиленген норма боюнча эсептелген материалдык эмес активдер боюнча амортизациянын чоңдугу чагылдырылышы керек.

«Материалдык эмес активдердин баланстык наркы» аттуу **138-сапта** материалдык эмес активдердин алгачкы наркынын жана эскиргендигинин ортосундагы айырмасы катары эсептелген калдык наркы чагылдырылат.

«Төлөөгө эсептер» аттуу **141-сапта** товарлар, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр үчүн аларды алып келүүчүлөргө карыз, бюджетке карыз жана

отчеттук күндөн тартып бир жыл аралыгында төлөөсү күтүлгөн кредиторлордун башка карыздары чагылдырылат.

«Алынган аванстар» аттуу **144-сапта** кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды жеткирүү келишими боюнча сатып алуучулардан жана буйрутма берүүчүлөрдөн алдын ала алынган төлөөлөрдү алууда пайда болгон кыска мөөнөттүү милдеттенмелер чагылдырылат.

«Кыска мөөнөттүү карыздык милдеттенмелер» аттуу **145-сапта** узак мөөнөттүү милдеттенмелердин кезектеги бөлүгү, кыска мөөнөттүү банктык ссудалар жана башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер көрсөтүлөт.

«Төлөөгө салыктар» аттуу **150-сапта** киреше салыгы, кошумча нарк салыгы, акциздер жана башка төлөнүүчү салыктар чагылдырылат.

«Эсептелген милдеттенмелер» аттуу **151-сапта** эсептелген, бирок персоналдардын өргүүлөрүнө төлөөлөр жана сыйлыктар, финансылык ижара жана башка милдеттенмелер боюнча пайыздар, социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү, пенсиялык камсыздоонун мамлекеттик системасынан көз карандысыз эсептелген пенсиялар сыяктуу отчет күнүндө төлөнө элек чыгымдар, кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча эсептелген чыгымдар, башка эсептелген чыгымдар чагылдырылат.

«Башка кыска мөөнөттүү милдеттенмелер» аттуу **153-сапта** кыска мөөнөттүү милдеттенмелердин мындан мурунку беренелеринде орун албаган кыска мөөнөттүү милдеттенмелер чагылдырылат.

«Резервдер» аттуу **154-сапта** кепилдик берилген тейлөө резерви, соттук доолорду төлөөгө резерв, келишимдин шарттары аткарылбаган учурда буйрутма берүүчүнүн чыгашаларынын ордун толтурууга резервдер өңдүү эсептелген милдеттенмелер чагылдырылат, алардын өлчөмү жана аткаруу мөөнөтү аныкталбайт.«Узак мөөнөттүү милдеттенмелер» **156-сапта** банктардын, банктык эмес уюмдардын, ассоциациялашкан ишканалардын жана башка зайымчылардын астындагы ар түрдүү узак мөөнөттүү (бир жылдан ашык мөөнөткө) милдеттенмелердин абалы чагылдырылат.

«Төлөө мөөнөтү өткөн кирешелер» аттуу **159-сапта** ФОЭС боюнча таануу мезгили отчеттук күндөн кийинки 12 айдан ашкан келерки мезгилдердин кирешелери чагылдырылат (субсидиялардын эсеби, тескери ижарасы бар активдерди сатуу операцияларынын эсеби).

«Төлөө мөөнөтү өткөн салыктык милдеттенмелер» аттуу **160-сапта** пайда салыгы боюнча төлөө мөөнөтү өткөн милдеттенмелер чагылдырылат.

«Уставдык капитал» аттуу **162-сапта** уюмдаштыруучулардын салымдарынын өлчөмү же мамлекеттик органдарда катталган эмиссиянын өлчөмү чагылдырылат.

«Кошумча төлөнгөн капитал» аттуу **164-сапта** артыкчылыгы бар жана жөнөкөй акциялардын номиналдарынын үстүнө кошумча төлөнгөн акционердик капиталдын бөлүгү көрсөтүлөт.

«Кайра баалоо боюнча түзөтүүлөр» аттуу **165-сапта** активдерди алгачкы наркына каршы кайра баалоо жана инвестициялардын наркын таза, жүзөгө ашырылбаган жогорулашы (төмөндөшү), эмиссиялык киреше (жайгаштырылган акциялардын номиналдык наркынан ашыкча алынган суммалар) чагылдырылат.

«Менчик ээлеринин авансыланган капиталы» аттуу **167-сапта** уюмдаштыруучулардын менчик укугуна сакталган коммерциялык уюмдардын капиталына уюмдаштыруучулардын катышуучулардын) салымдары көрсөтүлөт.

«Бөлүштүрүлбөгөн пайда» аттуу **168-сапта** ишкананын бүт иштеген мезгилинде топтолгон, алынган пайда (зыян (-)) төлөнгөн дивиденддер жана чыгашалар кемитип көрсөтүлөт.

«Резервдик капитал» аттуу **169-сапта** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана уюмдаштыруу документтерине ылайык түзүлгөн резервдер, акционерлердин жана катышуучулардын чечимдери боюнча мыйзамдарга ылайык бөлүштүрүүгө чектелген, топтолгон пайданын суммасы көрсөтүлөт.

**Маалымдоо:**

**172-174-саптарда** «Уставдык капитал» аттуу 162-саптан мамлекеттин, жеке менчик жана чет өлкөлүк юридикалык жактардын уставдык капиталда катышуусунун үлүшүн бөлүп көрсөтүү зарыл.

**175-сапта «Орнотулуучу жабдуу»** монтажды талап кылган жана орнотууну талап кылган технологиялык, энергетикалык, өндүрүштүк жана башка жабдуулардын наркы көрсөтүлөт. Орнотулуучу жабдуунун наркы сатып алуунун факт түрүндөгү өздүк наркы менен аныкталып, сатып алуу баасын жана бул жабдууну сатып алуу жана жеткирүү чыгымдарын каамтыйт.

**4-бөлүмү «Салыктар, бажы төлөмдөрү жана башка милдеттүү төлөмдөр»** Кыргыз Республикасынын Салык кодексине жана Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик социалдык камсыздоо боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Мыйзамына ылайык отчеттук жылы иш жүзүндө ишканалар тарабынан бардык булактардын эсебинен төлөнгөн милдеттүү төлөмдөр көрсөтүлөт.

**407-сапта** мүлккө төлөнүүчү төмөнкү салыктар чагылдырылат: 1) ишкерчилик ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланылбаган объектилердин мүлктүк салыгы (турак үйлөр, квартиралар, дача үйлөрү, башка капиталдык курулмалар, кошулуп курулган жана обочолонуп турган гараждар); 2) ишкерчилик ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн багытталган жана пайдаланып жүргөн объектилердин мүлктүк салыгы (турак үйлөр, квартиралар, пансионаттар, эс алуу үйлөрү, санаторийлер, курорттор, өндүрүштүк, административдик, өнөр жайлык, башка имараттар жана курулмалар); 3) ишкерчилик ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланып жүргөн металлдан жана башка конструкциялардан жасалган убактылуу жайлардын мүлктүк салыгы, мисалы, күркөлөр, контейнерлер жана башка ушул өңдүү мүлктөрдүн салыгы; 4) транспорттук каражаттар, өзү жүрүүчү машиналар жана механизмдер, сүзүүчү каражаттар, өзү жүрбөгөн транспорттук каражаттардын салыктары (чиркегич, жарым чиркегич, баржа, вагон, платформа, цистерна башка ушул өңдүү каражаттар).

**409-сапта** «Жер астындагы кендерди пайдалангандык үчүн салык» геологиялык изилдөө жана пайдалуу кендерди иштеп чыгуу, тактап айтканда, бонустар чагылдырылат, ошондой эле иштеп чыгуу максатында жер астындагы

кендерден пайдалануу үчүн күнүмдүк төлөмдөр, тактап айтканда, роялти көрсөтүлөт.

**413-сапта** «Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар» Кыргыз Республикасынын Салык кодекси тарабынан бекитилген тизмеге ылайык, отчеттук жылы жергиликтүү бюджеттин кирешесине иш жүзүндө берилген төлөмдөрү чагылдырылат.

**«Маалымдоо» бөлүмү**

**500-сапта** «Отчеттук жылы ишкананын жеке өндүрүшүндө өндүрүлгөн негизги каражаттардын наркы (капитализацияланган продукция)» чарбалык жылдын ичинде өзүнүн күчү менен курулган же жасалган, негизги каражаттардын эсебине активтештирилген негизги каражаттардын нарктык көлөмүн көрсөтүү керек. Өзүнүн колдонуусу үчүн өндүрүлгөн негизги каражаттар (продукция) базистик баалар менен бааланат (окшош продукция үчүн болгон баалар же алар базарда сатыла турган баалар). Бул мүмкүн болбогон учурларда нарк - өндүрүштүк чыгымдар боюнча бааланат.

**503-сапта** зыянга чыгарылган, балансстан тышкаркы эсептерде топтолуп калган жана төлөөгө жөндөмү жок дебиторлордун карыздары чагылдырылат.

## «Ишкананын (уюмдун) ишмердигинин негизги финансылык көрсөткүчтөрү жөнүндө отчет» №1-ф (кварталдык) форма

**«Эмгек»** аттуу **1-бөлүмдүн** маалыматтары «Ишкананын (уюмдун) ишмердигинин негизги финансылык көрсөткүчтөрү жөнүндө отчет» №1-ФЧИ жылдык формасынын «Кызматкерлердин саны» аттуу 1-бөлүмүн толтуруу боюнча сунуштарга ылайык толтурулат.

**48-сапта** *жылдын башынан бери отчеттук мезгил ичиндеги кызматкерлердин орточо тизмелик саны* ишкананын жыл башынан берки ишиндеги кызматкерлердин бардык айлардагы орточо айлык санын кошуп, алынган сумманы 3кө, 6га, 9га бөлүү жолу менен аныкталат, ошентип, кызматкерлердин орточо саны тиешелүүлүгүнө жараша биринчи квартал, жарым жыл, тогуз ай үчүн аныкталат.

**«Финансылык-чарбалык ишмердиктин жыйынтыгы»** аттуу **2.1-бөлүмдүн** маалыматтары «Ишкананын (уюмдун) финансылык-чарбалык ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө отчет» №1-ФЧИ жылдык формасынын «Финансылык-чарбалык ишмердиктин жыйынтыгы» 2-бөлүмүн толтуруу боюнча сунуштарга ылайык толтурулат. 1-графанын 001-011-сaптары өсүү жыйынтыгы менен эмес, отчеттук квартал (I, II, III квартал) үчүн өзүнчө толтурулат, ал эми 2-графанын 001-025-саптары отчеттук мезгилдин башынан бери өсүү жыйынтыгы менен толтурулат (биринчи квартал, биринчи жарым жылдык, тогуз ай үчүн).

**2.2 бөлүм. Товардык-материалдык баалуулуктардын камдыктары**

«Камдыктар» аттуу **110-сапта** өндүрүү процессинде, жумуштарды аткаруу жана кызмат көрсөтүү процессинде колдонуу, сатып өткөрүү үчүн арналган,

ишканага таандык болгон товардык-материалдык камдыктардын болушу жана кыймылы чагылдырылат.

«Кайра сатуу үчүн товарлар» аттуу **111-сапта** товарларды эсепке алууда колдонулган ыкмага карабастан, ишканалар атайын кайра сатуу үчүн сатып алышкан товарлардын калдык наркы сатып алуу наркы боюнча көрсөтүлөт.

«Өндүрүштүк камдыктар» аттуу **112-сапта** Бухгалтердик эсеп жөнүндө жобого жана ишкананын ишмердигинин өзгөчөлүгүнө ылайык чийки зат, негизги материалдар, сатылып алынуучу жарым фабрикаттар, комплектөөчү буюмдар жана өндүрүштүк камдыктарга таандык болгон башка материалдык баалуулуктардын камдыктарынын иш жүзүндөгү калдыктары көрсөтүлөт. Мисалы, курулуш уюмдары курулуш материалдардын камдыктарын өндүрүштүк камдыктар тобуна киргизишет, ал эми өнөр жай жана соода ишканалары аларды жардамчы материалдар катары чагылдырышат.

Айыл чарба ишканалары үрөндүн, отургузулуучу материалдардын жана тоюттун (сатылып алынган жана өзү өндүргөн) наркын; минералдык жер семирткичтердин, айыл чарба өсүмдүктөрдүн, малдардын ж.б.лардын ооруларына каршы күрөшүү үчүн колдонулган уу химикаттардын, биопрепараттардын, дары-дармектердин наркын көрсөтүшөт.

Илимий уюмдар, мындан тышкары, өндүрүштүк камдыктардын курамына конкреттүү теманы аткарууга керек болгон атайын жабдуунун калдыктарын кошушат.

«Бүтпөгөн өндүрүш» аттуу **113-сапта** өндүрүлүп бүтө элек продукция жана бүтө элек жумуштар (кызмат көрсөтүүлөр) боюнча чыгымдар көрсөтүлөт. Муну менен бирге бүтпөгөн өндүрүш, өзү өндүргөн жарым фабрикаттар (буюм, жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр) иш жүзүндөгү өздүк наркы боюнча бааланат. Илимий уюмдар бул беренелерге өндүрүшкө берилип жаткан атайын жабдыктардын наркын жана илимий уюмдардын бүтпөгөн жумуштары боюнча аткарылган этаптарын киргизишет. Бул беренеде ондоо боюнча жылдын аягында бүтпөгөн иштерге сарпталган чыгымдар да чагылдырылат.

Уюмдаштыруу документтерине ылайык өзүнүн ишмердигин соода, жабдуу жана башка ортомчулук ишмердигинде жүргүзгөн уюмдардагы товарлардын отчеттук мезгилдин аягындагы сатып өткөрүлбөй калган калдыгына туура келген айлануу чыгымдарынын суммасы да «Бүтпөгөн өндүрүш» беренесине киргизилет.

Айыл чарбасындагы бүтпөгөн өндүрүш – айыл чарба өндүрүшүнүн кайсы бир баскычында турган же ушул чарбанын чегинде белгилүү бир бүткөн абалга келбеген продукция; буга көмөкчү айыл чарбасынын бүтпөгөн өндүрүшү да кирет. Өсүмдүк өстүрүүчүлүктө бүтпөгөн өндүрүштүн наркын эсептөөгө күздүк өсүмдүктөрдү себүү, жаздык себүү үчүн бууларды иштетүү жана тоңдурмаларды көтөрүү, жер семирткичтерди чачуу ж.б.у.с. чыгымдар, мал чарбада – төлдүн наркы жана жумушчу малдын өсүшү киргизилет.

«Даяр продукция» аттуу **114-сапта** сыноодон өткөн, кабыл алынган, техникалык шарттарга жана стандарттарга дал келген жана буйрутма берүүчүлөрдүн келишимине ылайык бардык бөлүктөр менен топтолгон, ошондой эле өндүрүштө бүткөн бумдардын калдыгынын иш жүзүндөгү өндүрүштүк наркы

көрсөтүлөт. көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербеген жана өткөрүлүп берилбеген жумуштар бүтө элек болуп эсептелет жана бүтпөгөн өндүрүштүн курамында көрсөтүлөт.

«Көмөкчү материалдардын камдыктары» аттуу **115-сапта** отундун, камдык бөлүктөрдүн, курулуш материалдарынын, арзан баалуу жана тез эскирүүчү нерселердин, башка материалдардын камдыктары көрсөтүлөт.

### «Ишканалардын (уюмдардын) өз ара эсептеринин абалы жөнүндө отчет» аттуу жылдык №6-ф формасынын, кварталдык №1-ф формасынын «өз ара эсептердин абалы» аттуу 4-бөлүмү

№6-Ф формасы боюнча статистикалык отчетту өз алдынча балансы бар жана юридикалык жак деп эсептелген, чарбалык эсепте турган бирикмелер жана уюмдар, ошондой эле чарбалык эсепте турбаган, бирок чарбалык жана башка коммерциялык ишмердиктен киреше алган (№1-ФЧИ МИКРО формасы боюнча отчет бергендерден башка, дыйкан жана фермер чарбалардан (юридикалык жакты түзбөстөн), бюджеттик, финансылык жана коммерциялык эмес уюмдардан башка) уюмдар түзүшөт.

Отчет отчеттун даректик бөлүгүндө көрсөтүлгөн дарекке жана мөөнөттө тапшырылат.

**1-графанын 1-сабында (301)** сатып өткөрүү аркылуу жана бартер боюнча жөнөтүлгөн жана жүктөлгөн продукциянын бүт көлөмү, ошондой эле даяр продукциянын жана жарым фабрикаттардын, материалдык жана башка баалуулуктарды түз алмашуунун, берилген электр энергиянын, суунун, буунун көлөмү, тапшырыкчыларга берилген жана аткарылган жумуштар, жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык көлөмү чагылдырылат; ал эми соода, материалдык-техникалык камсыздоо жана сатуу ишканалары дүң сатуу дүкөндөр аркылуу кампадан берилген кошумча баасы менен сатылган продукциянын көлөмүн чагылдырышат, же эсептерге катышуу менен, же катышсыз транзит боюнча кошумча нарк салыгы, акциздер жана товар жүгүртүү салыгы жок сатылган продукциянын көлөмүн чагылдырышат; жашылча сактагычтар болсо, сатып өткөрүү баасы боюнча сатылган продукциянын бардык көлөмүн көрсөтүшөт, буга аталган өлкөлөрдүн ишканаларына кошумча наркы салыксыз, акцизи жок жана сатуудан алынган салыгы жок сатып өткөрүлгөн продукциянын жалпы көлөмү, ошондой эле иштетүү үчүн берилген жана малга тоют катары бөлүнгөн продукция да кирет (02-15-саптар).

«Бартер» аттуу **2-графада** бартер боюнча жөнөтүлгөн продукциянын, аткарылган жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү чагылдырылат. ФОЭС боюнча эсеп жүргүзгөн ишканалар 2-графада отчеттук мезгилде төлөнгөн дебитордук карызды көрсөтүшөт.

«Финансылык салымдар» аттуу **3-графада** КМШ өлкөлөрүнүн жана башка мамлекеттердин бөлөк ишканаларынын депозиттик салымдарына, баалуу кагаздарына, уставдык фонддоруна ишкананын узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү инвестициялары көрсөтүлөт, ошондой эле чарба жүргүзүүчү башка субъекттерге берилген насыялар жана зайымдар чагылдырылат.

**4-7-графаларда** ишкананын мөөнөтү өткөн карызы менен бирге кредитордук жана дебитордук карыздарынын абалы чагылдырылат. Дебитордук жана кредитордук карыздардын көлөмүнө кардарларга жана жабдуучуларга товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн бюджет менен эсептешүү, персоналдардын эмгек акысы жана башка операциялар, берилген (алынган) аванстар, төлөнүүчү (алынуучу) дивиденддер, социалдык камсыздандыруу боюнча туунду ишканалар, башка дебиторлор жана кредиторлор менен болгон карыздардын көлөмү кирет. Узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү ссудалар, банктын узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү насыялары, башка насыялар боюнча карыздары кирбейт.

**8-9-графаларда** тартылган зайымдар, насыялар жана ссудалар боюнча карыздар чагылдырылат.

Эл аралык уюмдардан жана КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн Өкмөттүн кепилдиги менен алынган насыялар жана зайымдар боюнча карыздар «Башка өлкөлөр» аттуу 15-сапта чагылдырылат, ал эми КМШ өлкөлөрүнүн банктарынан жана уюмдарынан алынган насыялар тиешелүүлүгүнө жараша 02-06, 08-14-саптар боюнча чагылдырылат.

**Кыргыз Республикасынын**
**Улутстаткомунун финансы**
**статистикасы бөлүмү**